**УДК376**

***Эсенгулова М. М., Раимбек кызы А.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***M. M. Esengulova, Raymbek k. A.***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# ИНКЛЮЗИВДИК КЛАССТАРДАГЫ МУГАЛИМДИН КЕСИПКӨЙЛҮК КОМПЕТЕТТҮҮЛҮГҮНҮН МАЗМУНУ ЖАНА АНЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ

# СОДЕРЖАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧИТЕЛЯ В ИНКЛЮЗИВНОМ КЛАССЕ И ПУТИ ЕГО СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ

# THE CONTENT OF THE PROFESSIONAL COMPETENCE OF THE TEACHER IN THE INCLUSIVE CLASS AND THE WAYS OF ITS IMPROVEMENT

***Аннотация:*** *Инклюзивдик класстарды калыптандырууда мугалимдердин компетенттүүлүгү чоң роль ойнойт. Мугалимдин ишмердүүлүгү бир канча багыттарда жүрөт, бирок эң негизгиси мүмкүнчүлүгү чектелген бала үчүн ийгиликке алып келген чөйрөнү сунуштоо, ата-энелерге колдоо көрсөтүү, өзүнүн маанилүү педагогикалык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү. Ушул педагогикалык шарттар инклюзивдик маданияттын, мектеп администрациясынын инклюзивдик саясатынын калыптануусуна алып келет.*

***Негизги сөздөр:*** *инклюзивдик класс; социализация; интеграция; фасилитация; педагогикалык фасилитация; мугалимдин компетенттүүлүгү; эмпатия; инклюзивдик маданият; инклюзивдик саясат.*

***Аннотация:*** *В формировании инклюзивных классов большую роль играет компетентность учителей. Деятельность учителя построена в нескольких направлениях, но из них самыми важными являются предложение среды, ведущее к успеху ребенка с особыми потребностями, поддержка родителей, совершенствование своих важных педагогических компетентностей. Вот такие педагогические условия приводят к формированию инклюзивной культуры, инклюзивной политики школьной администрации.*

***Ключевые слова:*** *инклюзивный класс; социализация; интеграция; фасилитация; педагогическая фасилитация; компетентность учителя; эмпатия; инклюзивная культура; инклюзивная политика.*

***Annotation:*** *The competence of the teacher plays an important role in the formation of inclusive classes. The activity of the teacher is built in several directions, but the most important of them are the proposal of the environment leading to the success of the child with special needs, the support of parents, the improvement of their important pedagogical competences. Such pedagogical conditions lead to the formation of an inclusive culture, an inclusive policy of the school administration.*

***Keywords:*** *inclusive class; socialization; integration; facilitation; pedagogical facilitation; teacher competence; empathy; inclusive culture; inclusive politics.*

«Инклюзивдик билим берүү» термини билим берүү чөйрөсүндө абдан активдүү колдонула баштады, «инклюзивдүү» – англис тилинен которгондо «камтуу» дегенди түшүндүрөт жана мааниси жетишерлик кеңири. Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсү коомдо майыптуулукту кантип түшүнгөнүнө тыгыз байланыштуу болот, мына ошондуктан өзгөчө муктаждыктары менен адамдардын жашоосу жөнүндө кандай түшүнүктөр көп таралганын (ар түрдүү социалдык топтордо же аймактарда ар түрдүү түшүнүктөр үстөмдүк кылышы мүмкүн, себеби Кыргызстанда коом өтө ар түрдүү) түшүнүү абдан маанилүү.

Инклюзивдик билим берүү – бардык балдар, ата-энелер, педагогдор жана бардык социум катышкан процесс. Бул баарынан мурда өзгөчө муктаждыгы бар балдарды жалпы билим берүү системасына (мектеп, жалпы типтеги мектепке чейинки билим берүү уюмдары ж.б.) камтуу боюнча процесс, бул программаларды жана окутуучу чөйрөнү өзгөчө муктаждыгы бар балдардын класстагы жана мектептеги керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн ылайыкталуусу.

Бирок, системаны өзгөртүүдөн мурда коомчулуктун өзгөчө муктаждыгы бар балдардын маселелерине, анын ичинде Кыргызстандын балдарынын абалына, ден-соолугуна, социалдык макамына, диний ишенимине ж.б. карабастан билим алууга мүмкүнчүлүгүн регламенттөөчү негизги документ катары кабыл алып, кол койгон балдардын укугу боюнча Конвенцияда жазылган балдардын укугуна карата мамилесин өзгөртүү зарыл.

**Инклюзивдик класс**

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар кадыресе өнүккөн балдар менен чогуу окуганда, когнитивдүү, физикалык, социалдык жана эмоционалдуу көйгөйлөрдөн көз карансыздыктан жана өзүнүн кадырынын негизинде таанымал болгонго бирдей мүмкүнчүлүктөрдү алышат. Инклюзивдик окутуу – окуучулардын социализациялашуусунун, алардын мобилдүүлүгүн өнүктүрүүнүн, дүйнөнүн көп түптүү мамиле жолун таанып билүүсүнүн бирден бир жолу катары каралат, ошондой эле ар бир инсандын таасирдүү өнүгүшүнө жана чөйрөнү толугу менен кабыл алууга шарт түзөт. Андыктан бул процессти алардын өсүшүнө жөнөкөй жана пайдалуу интеграция формасын камсыздандыруу менен уюштуруу керек.

Инклюзивдик тарбиялоону жана окутууну билим берүү мекемесинин практикасына киргизүү керектүү коррекциялык-педагогикалык жана медициналык-социалдык жардамды берүү аркылуу балдардын камтылышынын кеңейтүүсүнө, ошону менен бирге аларды баланын жашаган жерине жакындатуу, ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрүн) консультативдик кеңеш менен колдоо жана коомду мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды кооптонбой кабыл алууга даярдык көрүүгө алып келет. Инклюзивдик тарбиялоо жана окутуу атайын жана массалык билим берүү ортосундагы тоскоолдуктардан өтүп, алардын чек араларын ачык кылуу менен сапаттуу жаңы карым-катнаш үчүн негиз түзөт [4].

**Инклюзивдик класстагы мугалимдин компетенттүүлүгү**

Окучуунун социалдык жактан өсүүсү – көп түрдүү жана оор процесс. Азыркы убакка чейин балдарды функционалдуу окутуу приоритеттүү болуп саналчу, ал эми баланын эркин өсүүсү көмүскөдө калган. Инклюзивдик окутуу шартында мугалим көп түрдүү факторлордун таасирин, терс көрүнүштөрдү алдын ала көрө билүү көмпетенттүүлүгүн өнүктүрүүсү маанилүү. Ошондуктан, билим берүү алакасында мугалимден **фасилитативдик компетенттүүлүктөр** талап кылынат: баланы түшүнө билүү, убагында колдоо жана мактоо, шыктандыруу жана өз ара аракетенүүсүн артыруу. Булардын бардыгына төмөнкүдөй педагогикалык шарттарда жетишсе болот: эгерде мугалим баланын ден-соолугуна жана күчтүү жактарына таянса, бир убакта жардамдашып дагы, ошондой эле талап дагы кылса, колдосо, балага өз алдынча болууга мүмкүндүк берсе, оптимисттик көз караште болсо, баланын ишенимин колдосо. Ошондо ал жаңылыш кетирүүгө жана кемчиликтерге эмес, ийгиликтерге көңүл бурат. Инклюзивдик билим берүүнүн дагы бир милдеттүү шарты болуп мүмкүнчүлүгү чектелген баланын психологиялык коопсуздугун, анын экологиялык жактан корголушун камсыздандыруу эсептелинет. Ал өнүгүүдөгү психофизикалык бузуулууларынан сырткары жана окуудагы жетишкендиктерге карабастан окуучуну терең **эмпатикалык** түшүнүү жана анын шексиз баалулуугун таануу аркылуу жетишилет [2].

Инклюзивдик класста иштеген мугалим – бул өзгөчө талаптарга жооп бере ала турган мугалим болушу керектиги шексиз, эң башкысы эмоционалдык эмпатияга ээ болуп, өзүн жана баланы кандай болсо ошондой, маңызын өзгөртпөстөн кабыл алган, баланын дүйнөсүн, анын көйгөйлөрүн сезе алган, билим алууда инсандык жактан керектөөлөрүнө көңүл бура алган, бала өзүн класста толук кандуу жана бакубат сезе алышы үчүн шыктандыруучу чөйрөнү түзө алган жаңы форматтагы мугалим. Биз көптөгөн педагогикалык булактардын талдоосун жүргүзүү менен, азыркы мезгилде инклюзивдик класска келген мугалимге жогорку талаптарды коюлганын аныктадык. Коюлган талаптарды жалпылап, төмөнкү тизмени сунуштоону туура деп таптык:

1. Өзүн, өзүнүн ресурстарын, көйгөйлөрүн, ушул талаптарды аңдап түшүнгөн;
2. Педагогикалык билим жана компетенттүүлүгүн үзгүлтүксүз жогорулатууда ийгилик келе турганын аныктаган;
3. Жаңы билимдерге жана технологияларга ачык;
4. Эмоционалдык жактан өзүн ача билген жана ушул комптенттүүлүгүн көрсөткөн, психологиялык ден-соолукка ээ;
5. Өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу дайыма ой жүгүрткөн (рефлексия кылган) мугалим;
6. Дайыма окуп, мугалимдик кесиптин жаңы бийиктиктерине жетише алган;

7. Динамикалуу өнүккөн мугалим.

Дагы белгилеп кетүүчү нерсе, билим берүү системасында педагогдордун усулдук жана маалыматтык сабаттуулугу – инклюзивдик багытты ишке ашыруунун зарыл шарты. Өнүгүүсүндө артта калган балдар бир нече өзгөчөлүктөргө ээ, аларды педагог билүү менен өзүнүн ишинде эске алуусу зарыл. Инклюзивдик класста балдарды окутуу окуу-тарбиялоо процессинин жаңы уюштурулушун талап кылат. Жаңы техникалык каражаттар, педагогикалык багыттар, баа берүү, талаптар – окуучулардын психикалык, денелик өзгөчөлүгүн эске алуу менен ишке ашырылышы керек.

**Инклюзивдик класстын ата-энелери менен мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгү**

Баланын өнүгүүсүндө тууроо чоң роль ойнойт. Өзгөчө муктаждыкка ээ балдардын жүрүм-туруму, алардын моралдык жана эрктик сапаттарынын өнүгүүсү аларды курчап турган адамдарды тууроодон көп ченемде көз каранды. Балдар чоң адамдардын жана курдаштардын адаттарын, кылган иштерин туурашат, ошондуктан коллективдик кызматташууга негизделген өзгөчө муктаждыкка ээ балдарды кылдаттык менен мектеп программаларына киргизүү менен коомчулуктун көбүрөөк позитивдүү мамилесин өнүктүрүүнү камсыз кылуу керек.

Ата-энелердин инклюзивдик класстагы класс жетекчи менен күнүмкү мамилелеринин белгилүү усулунун мисалы болуп күндөлүк эсептелинет. Ага мугалимдер ата-энелер сыяктуу эле бала бакчада, мектепте жана үйдө күнүмкү өзөктүү суроолор жана көйгөйлөр жөнүндө кабарларды жазышат, окутуу мисалдарын баяндашат, коомчулуктун турмушундагы ийгиликтерди, ооруларды белгилешет ж.б. Жакшы маалыматтуу педагог инклюзивдик класстагы баланын ата-энелерине өзгөчө биринчи күндөрү колдоо көрсөтсө, жардам берсе, алардын балдарына мүмкүнчүлүк түзсө, ушуну менен ал ата-энелерге эбегейсиз чоң жардам ала алат. Себеби дагы бир маанилүү фактор – бул өзгөчө муктаждыкка ээ балдардын ата-энелерине коомдун мамилесинин таасири.Коомдун, чоочун адамдардын терс көз карашы ата-энелердин өзүлөрү баласына туура эмес мамиле кыла башташына алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, инклюзивдик билим берүүдөн сырткары, инклюзивдик маданиятты дагы өнүктүрүү зарылчылыгы пайда болот, ал үчүн бул идеяны жайылтууда биз эмнеден баштообуз керектигин түшүнүп, иш жүзүнө ийгиликтүү ашыруу үчүн бул багытта ырааттуу кадамдарды жасоо зарыл. Курулуш үчүн негиз (базис, фундамент) маданият болуп саналат [3, 3].

**Инклюзивдик маданият жана саясат**

Маданият кеңири маанисинде үй-бүлөдөгү, ата-энелер жана балдар менен өз ара мамилелердин, өз ара мамилелердин стилин, микротоптун (үй-бүлө, класс, мектеп ж.б.) бардык мүчөлөрүнүн карым-катнашуучу тилин жана жүрүм-турумунун негизин камтыйт. Инклюзивдик маданият балдардын билим берүүдөгү артыкчылыктарына (приоритеттерине) карата мамилелердин өзгөрүүсү, бул класстагы, топтогу мүчөлөрдүн бардыгынын ортосундагы, ата-энелер менен балдардын, мугалимдер менен балдардын, мугалимдер менен мугалимдердин өз ара мамилелеринин жаңы стили. Ошондой эле инклюзивдик маданият – айырмаланган ар түрдүү адамдарды бириктирип турган, мугалимдерге да, окуучуларга да жаккан мектептеги уюштуруучулук чөйрө. Белгиленген инклюзивдик маданият калыптанышы үчүн мектеп администрациясы инклюзивдик саясатты жүргүзүшү зарыл. Инклюзивдик саясат өзгөчө муктаждыгы бар балдардын окуусундагы, өнүгүүсүндөгү муктаждыктарды эске алуу менен мектептин стратегиялык пландаштыруусуна өзгөрүүлөрдү киргизүүнү болжолдойт. Бул өзгөрүүлөр мектеп коомчулугу, балдар, ата-энелер жана ушул процесске тартылгандардын бардыгынын сунуштарын эске алуу менен камтылышы зарыл [3].

Инклюзивдик саясат жүргүзүүдө ушул өзгөрүүлөр позитивдүү натыйжаларды бергенде, өзгөчө муктаждыкка ээ бала өсүп-өнүккөн, ийгиликтүү социалдашуусу жүргөн өзгөчө шарттар түзүлгөн, эң алгач бардык укуктардын бузулушун алып салган инклюзивдик маданият калыптанат.

**Адабияттар:**


1. Джумагулова Ч. А. Развитие инклюзивного образования в Центральной Азии. Бишкек, 2004.
2. Инклюзивдик билим берүү жогорку мектепте (интеграцияланган окуу-методикалык колдонмо) түзүүчүлөр: Тилекеев К.М., Панкова Т.В., Эсенгулова М.М., Орусбаева Т., Быковченко Н. С. Бишкек, 2010. 133 б.
3. Инклюзивдик билим берүүнүн көйгөйлөрү, персепективалары // Мектеп – школа, 2010, № 2.
4. Кыргызстандын мектепке чейинки уюмдарында инклюзивдик өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. Окуу модулу. Бишкек: Maxprint, 2017. 70 б.

5. Мектепке чейинки уюмдар шартында мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар менен иштөө боюнча методикалык сунуштар /түзүүчүлөр: Т.Орусбаева, А. Исаева, Д. Дунганова, Б.Асаналиева ж. б. Бишкек, 2011. 116 б.

**Рецензент:** *пед. илимд. канд., проф. м. А. Т. А. Орусбаева*

**УДК 332.145(2Ки)**

***Анарбай кызы С.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***S. Anarbay k.***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН 60-70-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ӨНДҮРҮШТҮК МАМИЛЕЛЕР

# ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ ОТНОШЕНИЯ В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ КЫРГЫЗСТАНА В 60-70-е ГОДЫ

# RELATION OF PRODUCTION IN AGRICULTURE OF KYRGYZSTAN IN 60-70

***Аннотация:*** *Макалада экономиканын маанилүү тармактарынын бири болгон айыл чарбасындагы өндүрүштүк мамилелердин өбөлгөлөрү, себептери жана шарттары,айыл чарбасын интенсивдештирүүнүн чечүүчү фактору катары өлкөдө жүргүзүлгөн агрардык саясат, анын ийгиликтери, кыйынчылыктары, катачылыктар, партиялык органдардын жүргүзгөн иштеринин негативдүү жана позитивдүү жактары көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан; айыл чарба; материалдык-техникалык база; финансылык каражат; админстративдик-буйрукчул система; өздүк көмөкчү чарба; сенектик; бөгөттөө механизми.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются причины и условия производственных отношений одной из важных отраслей экономики – сельского хозяйства, ставшей решающим фактором интенсификации народного хозяйства, также в центре внимания – проводимая в стране аграрная политика, ее достижения, трудности, ошибки, негативные и позитивные стороны мероприятий, проводимых партийными органами.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан; сельское хозяйство; материально-техническая база; финансовые средства; административно-командная система; личное подсобное хозяйство; застойный; механизмы торможения.*

***Annotation:*** *The article discusses the causes and conditions of the crisis phenomena of one of the important sectors of the economy – agriculture, which has become a decisive factor in the intensification of the national economy, the agrarian policy pursued in the country, its achievements, difficulties, mistakes, negative and positive aspects of the activities carried out by the party bodies.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan; agriculture; material and technical base; financial assets; administrative command system; private farm holding; stagnant; mechanisms of slowdown.*

60-жылдардын экинчи – 80-жылдардын биринчи жарымындагы Кыргызстандын айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрдөгү жылыштары анын деңгээлине жана мүнөзүнө ылайык өндүрүш мамилелеринин өзгөрүшүн талап кылган.

60-жылдардын биринчи жарымында өлкөнүн артта калышынын негизги себептеринин бири өндүрүштү уюштуруудагы жана башкаруудагы кетирилген кемчиликтер менен байланыштуу болгон. Буйрукчул экономикада субъективдүү, баш аламан, зордук менен